# Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушул сөздөрдү ар бир намаздан кийин айтчу" - деди

Абу Зубайр айтат: Ибн Зубайр бардык парз намаздын соңунда салам бергенден кийин: "Лаа илааха иллаллооху вахдаху лаа шарика лах, лахул мулку ва лахул хамду ва хува аълаа кулли шайиң кодир, лаа хавла ва лаа куввата илла биллах, лаа илааха иллаллооху, ва лаа наъбуду илла ийяху, лахун-ниъмату ва лахул-фадлу ва лахус-санааул хасан, лаа илааха иллаллооху мухлисиина лахуддина ва лав карихал каафируун" деп айтып, анан: " Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушул сөздөрдү ар бир намаздан кийин айтчу" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир парз намазында салам айткандан кийин ушул улук зикирди айтчу. "Лаа илааха иллаллооху": Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок деген маани. "Вахдаху лаа шарикалах": Ал Жалгыз, Анын шериги жок. Тактап айтканда, улухиятта, рубубиятта жана ысым-сыпаттарында Анын шериги жок. "Лахул мулку": Бардык мүлк Аныкы, тактап айтканда, асман-жердин жана алардын ортосундагы жалпы, толук, бардык мүлк Ага таандык. "Ва лахул хамду": Алкыш-мактоолор да Ага жарашат, тактап айтканда, Ал кемчиликсиз толук сыпыттар менен сыпатталган, толук сүйүү менен макталган, баардык абалдарда жыргалда да, кыйынчылыкта да улукталган. "Ва хува аълаа кулли шайиң кодиир": Ал бардык нерсеге Кудуреттүү. Кудурети бардык жааттан жетиштүү, толук, эч нерсеге күчү жетпей калбайт, эч кайсы иш Ага тоскоолдук жарата албайт. "Лаа хавла ва лаа куввата илла биллаахи": Бир абалдан экинчи абалга, күнөөдөн таат-ибадатка кайтуу да, күч-кубат да Аллахтан, Ал жардам Берүүчү, тобокел Ага гана болот. "Лаа илааха иллаллааху, ва лаа наъбуду илла ийяху": Ширкти кетирүүчү жана улухияттыкты бекемдөөчү сөз, анткени Андан башка ибадатка татыктуу зат жок. "Лахун-ниъмату ва лахул фадлу": Нээмат-жакшылыкты жаратып ага ээлик кылган Аллах, пенделеринен кимге кааласа жакшылыкты ашыгы менен берет. "Ва лахус-Санааул хасан": Аллахтын затына, сыпатына, иштерине, нээматына жана бардык абалда Ага алкыш-мактоо болсун. "Лаа илааха иллаллооху, мухлисина лахуд-диин": Б.а. ибадатты көрсөтүү же угузуу үчүн эмес калыс Аллах үчүн Анын Өзүнө гана аткарылат. "Ва лав карихал каафирууна": Каапырлар жаман көрсө да, Аллахты жалгыздоодо жана Ага ибадат кылууда бекем турушат.